**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

Д 13.23.673 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

**УДК: 3;37;337;337.3;8;82;82.0;82.01/.09**

**Мамырова Айнура Юсуповна**

# Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы

13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология институтундагы башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Акматов Кыялбек Камутович,** педагогика илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу, "Кыргызстан Маариф" коомдук фондунун директорунун академиялык маселелер боюнча орун басары.

**Расмий оппоненттер:** **Батаканова Светлана Топчуевна,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректору.

**Абдыкадырова Мая Байсаловна,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Адам университетинин Гуманитардык дисциплиналар департаментинин жетекчиси.

**Жетектөөчү мекеме:** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасы. Дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Исанов көчөсү, 73.

Диссертациялык иш 2024-жылдын 15-мартында саат 13:00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илиминин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720023. Бишкек шаары, 10-кичи району, Саманчин көчөсү, 10 а.

Диссертацияны коргоонун онлайн-трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/d13-%20oyf-pc2-yyg

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (Бишкек ш., Раззаков көч., 51) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) китепканаларынан жана https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 15-февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** **Омурбаева Д. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы доордо адамзаттын тарыхый өнүгүшү өтө көп кырдуу жана татаал учурга келди, бул учур билим берүү уюмдарына жекече ой жүгүртүүсү өнүккөн, ар кандай көрүнүшкө чыгармачыл мамиле жасаган личностторду даярдоону талап кылат. Ушундай шартта Кыргыз Республикасы да саясый, экономикалык, маданий жактан реформаларды ыкчам жүргүзүп жаткан эгемендүү мамлекет катары дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграцияланган стандарттарды кабыл алууга умтулуп, аларга ылайык башталгыч класстын окуучуларынын адабий билим алуусунда балдардын жекече жана чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүгө шарттарды түзүүчү платформаларды издөөдө. «Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандартында» 1-4-класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өзгөчө басым жасалат, бул предметти окутуунун максаты – «окуу материалдарын теориялык жактан үйрөнүү менен практикалык жактан сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруунун ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукту камсыз кылууга негизделгенди» менен түшүндүрүлүп, ал эми анын милдеттеринин бири – «окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүрүүсү жана аларды түрдүү чөйрөдө туура колдоно билүүсү» экендиги айтылат.

Адабий көркөм текст менен иштөө процесси ошол текстти окуу, түшүнүү жана талдоо баскычтарынан туруп, окуу ишмердүүлүгү менен чыгармачылык ишмердүүлүк биримдикте келип, окуучулардын индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнөнү жана адамды таанып билүү аракеттерин активдештирип, адабий чыгарманы окууга кызыгуусун өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Чыгармачылык компетенттүүлүк адабий текстти окутууну окуучулардын аң-сезиминин ар тараптуулугун жана өз алдынчалыгын камсыз кылуучу илимий таанып билүү методдорунун жана каражаттарынын негизинде уюштурулат, анын натыйжасында окуучу мугалим менен жана башка окуучулар менен маектешүү жүргүзөт, айта турган оюн аргументтештире алат, окуу материалын анализдей жана синтездей билет, окугандарын өзүнүн жеке жашоосу жана жалпы турмуш, коом менен байланыштырууга жетишет.

Мына ушул талап кылынган муктаждыктарга жетишүү үчүн азыркы учурда Кыргызстандын билим берүү тармагында, анын ичинде башталгыч класстарда адабий чыгармаларды окутууда окуучунун чыгармачылык компетенттүүлүгүн ар тараптан өнүктүрүү милдети келип чыкты. «Чыгармачылык» түшүнүгүнүн азыркы кыргыз тилиндеги лексикалык мааниси «адамдын маданий, руханий жана материалдык байлыктарды түзүүгө багытталган иши» *[Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] /А.Акматалиевдин редакциялоосунда. – Б.: 2010. – 1460 б],* демек, ал адамдын бардык ишмердүүлүгүнөн көрүнүүчү анын көз карашына, ой жүгүртүүсүнө, ар кандай көрүнүштөрдү анализдей жана синтездей билишине байланыштуу

психологиялык процесс. Башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылыгын адабий текстти окууга байланыштуу өнүктүрүү проблемасына кирүү ар бир баланын жекече инсандык-мотивациялык, когнитивдик жана чыгармачылык багыты менен байланыштуу болуп, мугалим окутуу процессинде окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн ойготуу жана калыптандыруу боюнча оптималдуу жаңы ыкмаларды табууга, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүнүн жогорку деңгээлин камсыздоого багытталган атайын программаларды түзүүгө байланыштуу болот.

Окутууда балдардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүнүн проблемалары Ю.К.Бабанский [1977; 1989; 1992], А.Э.Байсеркеев [2001; 2012], Д.Б.Бабаев [2008], И.Б.Бекбоев [2004; 2015], В.П.Беспалько [1989; 1995], В.В.Гузеев [2006], М.Я.Лернер [1976; 1981], Н.О.Мааткеримов [2008], Э.М.Мамбетакунов [2002], П.К.Селевко [1998], М.Н.Скаткин [1984] ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде ар тараптуу каралган. Советтик учурдагы педагогикада бул проблема башталгыч класстардын мисалында С.В.Кузнецова, С.В.Лёзина, В.М.Рафикова, И.Н.Тоболкина, О.А.Толстоганова ж.б. методисттердин изилдөөлөрүндө чагылдырылган. Башталгыч класстарда адабий көркөм текстти окутуу жана бул процессте окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу, текстти чыгармачылыкка багыттап талдоо технологиялары Э.Ш.Абдулина, Б.А.Абдухамидова, Г.Адилова, Б.Дарбанов, Н.И.Ибраева, А.Жолдошоева, А.Мураталиева, М.Раимбекова, М.Рахимова, С.К.Рысбаев, К.Сартбаев, С.Сакиева, А.Т.Саттарова, Г.И.Сагынбаева, А.Д.Токтомаметов, Б.Чокошева ж.б. кыргыз окумуштуу-методисттеринин диссертациялык изилдөөлөрүндө жана методикалык колдонмолорунда каралган. Алардын ичинен С.С.Сакиева «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» аттуу монографиясында (2007) жана «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деп аталган докторлук диссертациясында (2013) адабий тексттерди талдоонун тарыхый-эволюциялык жолдорун чагылдырган, А.Т.Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деп аталган докторлук эмгегинин (2019) көп бөлүгү башталгыч класстарда балдарга арналган ырларды окутууда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү проблемасына арналса, Ч.А.Акматованын «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы» (2022) аттуу кандидаттык диссертациясы адабий тексттерди талдоо аркылуу окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү маселесине арналган. Ж.Р.Шербаева «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген диссертациясында (2022) жомокторду үйрөтүү аркылуу балдардын чыгармачылык шыгын өстүрүү проблемасын караган.

Жалпысынын биздин теманын айланасында бир катар изилдөөлөр жүргүзүлгөнү менен конкреттүү багытта – адабий көркөм тексттерди үйрөнүү

процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында диссертациялык изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Теманы изилдөөгө киришүү алдынан биз бир нече *карама-каршылыктарды* белгиледик. Алар: биринчиден, башталгыч класстарда адабий көркөм тексттер өтө кеңири берилсе да, аларды окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багыттап окутуу боюнча мамлекеттик тилде жазылган методикалык изилдөөлөрдүн өтө аздыгы; экинчиден, адабий көркөм тексттерди окутууну окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү багытында инновациялоо технологиялары боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын үйрөнүлүп, илимий-педагогикалык жактан жалпыланбагандыгы; үчүнчүдөн, улуттук педагогикада адабий чыгармаларды талдоонун мисалында «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүн анализге алган эмгектердин дээрлик жоктугу ж.б.

Жогорудагыдай карама-каршылыктар жана аларды чечүүнүн зарылдыгы, башталгыч класстарда көркөм чыгармаларды үйрөтүүгө коюлган заманбап талаптар биздин теманын **проблемасын** аныктап, темабызды **«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы»** деп атадык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты –** башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасын илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Адабий тексттерди талдоо процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максатын, милдеттерин, негизги багыттарын аныктоо.

2. «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүү; башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы проблемасынын изилдөөнүн тарыхына обзор берүү жана методологиялык негиздерин, методдорун ачып көрсөтүү.

3. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмаларын жана жолдорун сунуш кылуу, бул багытта мугалимдердин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жыйынтыктоо.

4. Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү жана анын жыйынтыгын чагылдыруу.

**Изилдөөнүн божомолу.** Башталгыч класстардагы адабий тексттерди окутууда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү бир топ жогорулайт, эгерде:

- адабий тексттерди окутууда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максат-милдеттери так аныкталса;
- башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы заманбап педагогикалык-дидактикалык принциптерге таянуу менен өткөрүлсө;
- башталгыч класста адабий тексттерди талдоо окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн жогорулатууга багытталса;
- адабий тексттер чыгармачылык менен талданып, окуучулардын дүйнө таануусун, адеп-ахлактык түшүнүктөрүн калыптандырууга көмөк көрсөтсө;
- адабий тексттерди процесси окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрү менен бирге эле алардын мекен таануучулук, этномаданий, тилдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга айкалыштырылса;
- башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн технологиялары окуучулардын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрү, чөйрөнүн социалдык-турмуштук жагдайлары менен биримдикте ишке ашырылса ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** төмөнкүлөр менен аныкталат: «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык анализ берилди; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн заманбап ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине таянылып кыргыз педагогикасында алгачкы жолу иштелип чыкты; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн проблемасынын тарыхына обзор берилип, анын изилдениш тарыхы, азыркы доордогу максат-милдеттери атайын илимий негизде алынды; тема боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланды; адабий тексттерди үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү деп эсептелген жолдор жана ыкмалар мугалимдерге сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча биздин сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга

жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- адабий көркөм тексттерди талдоо процесси окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө багытталып жүргүзүлүшү зарыл;
- башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди үйрөтүүдө окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү адабий билим берүүнүн мазмунун жана максатын жогорулатууга таасир этүүгө тийиш;
- башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү алардын тилдик-коммуникативдик, этномаданий, адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга өбөлгө түзөт;
- адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнү мындан ары жакшыртуу боюнча сунуштар адабий билим берүүнүн сапатын жогорулатып, балдардын баарлашуу жана ой жүгүртүү, тилдик маданиятын өнүктүрүүгө кызмат кылууга тийиш ж.б.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** изилдөөнүн темасына тиешелүү илимий-методикалык эмгектер, окуу-нормативдик документтер, практик мугалимдердин тажрыйбалары изденүүчү тарабынан өз алдынча окуп-үйрөнүлүп, жалпылаштырылды, ырааттуулукка салынды. Башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча окутуунун натыйжалуу ыкмалары жана жолдору, каражаттары жекече иштелип чыкты. Сабактардын иштелмелери жекече иштелип чыгып, алардын негизинде сабактар изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан даярдалды. Педагогикалык тажрыйбанын базалары, этаптары, планы, сабактардын үлгүлөрү өз алдынча иштелип, алардын натыйжаларын чыгаруу изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан аткарылды. Жалпы корутунду менен практикалык сунуштар изденүүчү тарабынан жекече чыгарылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо**: Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык кеңешмелерге докладдар даярдалган, тема боюнча макалалар жазылган жана иш аткарылган жер – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин диссертациялык кеңешиндеги алдын ала коргоо отурумунда талкууланган.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы:** Ош шаарындагы №42 Керме-Тоо орто мектеби; №18 А.Навои атындагы мектеп-гимназиясы; Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи; Ош областынын Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясы.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы:** Илимий изилдөөнүн материалдары илимий-практикалык конференцияларда (2023-жыл, 12-май ТалМУда өткөн «Манас жана Чыңгыз: улуттук нарк-насил, элдик

таалим-тарбия жана ааламдашуу» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция; Кубан мамлекеттик университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Русский язык – язык науки и прогресса» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция) жана 9 макалада жана 1 окуу-усулдук колдонмо чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 189, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 204, таблицалар – 20, сүрөттөр – 9, тиркемелер – 3.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациялык изилдөөнүн 1-бабы «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхы»** деп аталат. Анын «*Башталгыч класс окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы максаты, милдеттери жана негизги багыттары»* деген 1-параграфында башталгыч класстарда адабий билим берүүнүн жалпы максат, милдеттери, өзгөчөлүктөрү айтылып, ар бир класста мамлекеттик стандарт талап кылган шарттар конкреттештирилип көрсөтүлөт. 1-класста негизинен тамга таанытуу, сөздү туура окуу, сөздөрдү бири-бирине кошуп улоо жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу процесстери «Алиппеге» чейинки мезгил, «Алиппе» мезгили, «Алиппеден» кийинки мезгил деген этаптар боюнча жүргүзүлсө, 2-4-класстарда адабий тексттерди окуу, түшүнүү жана интерпретациялоо ишмердүүлүгү ишке ашырылат, демек, бул мезгилде балдарды сөз дүйнөсүнө аралатып, алардын текстти окуу менен бирге түшүнүү, түшүнгөнүн айтып берүү компетенттүүлүктөрү жогорулайт. Мына ошол процессте окуучу менен мугалим ишмердүүлүгү чыгармачылык байланышта жүрүшүн иштеп чыгуу биздин эмгектин негизги максаты болду. Окуучулар чыгармаларды тек, түр, жанр боюнча ажыратып, тексттин мазмунун жөн гана айтып берүүдөн чыгармачылык менен жактарын өзгөртүп, максатка ылайык кыскартып же кеңейтүү менен, кошумчалап айтып берүүгө көнүгөт, каармандардын жүрүш-туруш аракеттерин, сюжеттин динамикасын талдайт, тексттин тил байлыктарын өздөштүрөт, өзүнүн көркөм чыгармага карата адабий-эстетикалык табити, эмоционалдык сезимдери жогорулатат. Эмгекте мындай милдеттер жана адабий окуунун функциялары Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан түзүлгөн жана бекитилген «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» деп аталган документ менен айкалыштырыла каралат.

Ааламдашуу процессиндеги кыргыз элинин дүйнөгө кеңири синтезделип жана интергацияланып жаткан шарттарындагы социалдык проблемалар, руханий деградация, экономикалык кризис тууралуу айтылып, мисалдар келтирилип, ошол процесстеги адабияттын, аны окутуунун милдеттери да ушул параграфта көрсөтүлүп, бул ишмердүүлүктө окуучулардын чыгармачылык

компетенттүүлүгүн жогорулатуунун мааниси өзгөчө экендиги белгиленет. Башталгыч класс окуучуларынын адабий тексттерди талдоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн азыркы учурдагы негизги багыттары катары методологиялык базаларга таянганда төмөнкүлөр эсептелди: адабиятты окуучулардын ыймандык-этикалык, маданий-эстетикалык, этномаданий тарбия алышына багыттап окутуу; окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүгө маани берүү; эне тилин ар тараптуу жана кеңири үйрөтүү; адабиятты сөз өнөрү, искусство, эстетикалык баалуулук катары талдоо; адабий текстти интерпетациялоодо чыгарманынын поэтикасына, автордун стилине көңүл буруу; тексттеги мазмунду баланын жеке турмушу, жашоосу менен байланыштыруу, баланын чыгармадан «өзүн көрө алышына» жетишүү ж.б. Адабияттын миссиясы – адамды тарбиялоо, ал тарбиялоодо анын адеп-ахлагы да, руханий дүйнөсү да, эстетикалык табити да гармониялашат, бул тарбия адамда гуманизмди калыптоого тийиш, дал ушул гуманисттик идея менен сугарылган инсан гана адамзатты глобалдуу кризистерден, глобалдуу табигый жана руханий катастрофалардан сактап калуучу күч, массалык маданияттын терс таасирлеринен коргоочу «тосмо» болуп саналат. Ошондуктан башталгыч класстарда көркөм тексттерди чыгармачылык менен үйрөнүү анын гуманисттик ойлорун «сууруп» чыгуу менен байланышат. Азыркы мектепте, университеттерде көркөм чыгарманы билим берүү максатында гана үйрөтүп, тарбия берүү жагы экинчи планга сүрүлүп калат.

Адабий көркөм тексттер – окуучуга элдин тарыхын, маданиятын таанытуучу, элдик таалим-тарбия салттарын, элдик тилди үйрөткөн эң күчтүү булак. Мындай чыгармаларды окутуу менен биз көптөгөн байлыктарга жетишебиз. Алар: биринчиси, азыркы балдар ата-бабалары кандай жашаганын, кандай турмуш кечиргенин адабият аркылуу аңдап билишет; экинчиси, адабий чыгармалар аркылуу аталар – балдарга, мурдагы муундар – кийинки муундарга элдик педагогикалык мурастарын калтырат, турмуштан алган сабактарын, б.а., таалим-тарбия болор насааттарын айтып берет; үчүнчүсү, ушундай чыгармалар аркылуу, мейли ал оозеки формада болсун, жазма формасында болсун элдик тилдин бай үлгүлөрүн калтырат; төртүнчүсү, мындай чыгармаларга эл өздөрүнүн идеалдарын, турмуш жана жашоо тууралуу ой жүгүртүүлөрүн, көз караштарын сиңдирет; бешинчиси, биздин улуттун, же бул же тигил акын-жазуучунун чыгармачылыгын башка жазуучулардын чыгармачылыгы менен салыштырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт; алтынчысы, мындай көркөм адабий тексттер окуучулардын эстетикалык табитин өстүрүүгө жардам берет; жетинчиси, бул үйрөнүлгөн чыгармалар аркылуу азыркы окуучулар ар тараптуу тарбияланууга мүмкүнчүлүк алат ж.б.

*«Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн теориялык негиздери»* деп аталган 2-параграфта тексттин теориялык аспектиси философия, адабияттаануу, тилтаануу, эстетика илимдеринин жана алардын интеграцияланышында турган текстологиянын табылгаларынан улам талданат. Д.Э.Розенталь, Т.А.Ладыженская, И.Р.Гальперин, О.Л.Каменская, В.Н.Топоров, Ю.А.Сорокин, В.А.Лукин,

В.Е.Чернявская ж.б. лингвисттердин текст тууралуу теориялык ойлору методологиялык негиз катары кабыл алынат. Кыргыз лингвисттери С.Давлетовдун, С.Ж.Мусаевдин, Т.Аширбаевдин, Т.Маразыковдун, Ж.Чымановдун, В.И.Мусаеванын эмгектеринде эне тилибиздеги байланыштуу кеп, тил маданияты проблемалары каралган. Алардын аныктоолору боюнча текст окууга жана жазууга, жазууга жана көрүүгө, талдоого, интерпретациялоого, кайра түзүүгө (кыскартууга, узартууга), анын негизинде план түзүүгө (жөнөкөй, татаал), өркүндөтүүгө ылайыкталгандыгы белгиленди. Демек текст: тилдик-кептик бирдик (1); белгилүү бир темада болот (2); башталышы жана бүтүшү болот (3); логикалык ырааттуулук сакталат (4); оозеки жана жазуу формасында – эки формада тең боло берет (5); логикалык ырааттуулук сакталат (6); текст сөздөрдөн жана сүйлөмдөрдөн куралат (7); текстке тема (заголовка) коюуга болот (8). Ошол адабий көркөм текстти талдоо – татаал процесс, ошол эле кезде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өркүндөтүүнүн чоң мүмкүнчүлүгү.

«Чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгүн аныктоодо «чыгармачылыкка» берилген орус философтору Н.А.Бердяевдин, И.А.Беляевдин, В.Яковлевдин эмгектерине таяндык. Чыгармачылык – бул жаратуу, жаратууга алып баруучу ишмердүүлүктүн процесси жана ал акыл эмгегинин продуктусу. Чыгармачылык – бул жаңы нерсе жаратуу, мына ошол жаратууга алып баруучу ишмердүүлүктүн процесси. Чыгармачылык – жеке автордун акыл эмгегинин натыйжасы. Чыгармачылык – ойлонуудан жана эмгектенүүдөн келип чыгуучу натыйжа. Чыгармачылык үчүн базалык билим, ошол билимди башкаруу, анан логикалык ой жүгүртүү керек. Бул эми чыгармачылыктын чоң масштабдагы аныктамасы. Анын окуучуга, мектептеги мугалим менен окуучу байланышына багытталган түшүнүгү – бул окуучунун ар кандай суроолорго өз алдынча ойлонуп, өзү таап, же китептердеги даяр жооптору өзү кайра иштеп чыгып, өнүктүрүп, алымча-кошумча киргизип жооп берүүсү. Бул талап – азыркы билим берүү системасынын негизги талабы, мектеп чыгармачыл окуучуну, университет чыгармачыл студентти даярдашы керек да, мектептен да, окуу жайынан да чыгармачыл бүтүрүүчү чыгышы керек. Аталган проблема мектеп окуучусунун жана студенттин, мугалимдин компетенттүүлүгү менен байланышат. Окуучунун чыгармачылыгы анын билими, тажрыйбасы, ой жүгүртүүсү менен байланыштуу. Ал эми чыгармачылык компетенттүүлүк окуучуну төмөнкүлөргө ээ кылат: көркөм чыгармалардын идеяларын жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет; кийинки чыгармаларды өздөштүрүү үчүн мотивация жана практика түзөт. Адабий көркөм текстти интерпретациялоо процессинде чыгармачылык компетентүүлүктү ишке ашыруу формалары катары төмөнкүдөй учурлар аныкталды: текстти үн кубултуп, көркөм, ролдоштуруп окууда; ошол тексттин мазмунун, идеясын, образын чыгармачылык менен баяндоодо; тексттин негизинде өз чыгармачылыгы менен жаңы текст түзүүдө; тексттин музмунун

иллюстрациялоодо, инцениировкалоодо; чыгармага жана андагы образдарга өз алдынча баа берүүдө ж.б.

3-параграф *«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасынын изилдениши жана теманы ачуунун методологиялык негиздери» деп аталат.* Адабий көркөм текст проблемасын изилдөө советтик лингвистикада, педагогикада, философияда, психологияда XX кылымдын 20-жылдарынын И.А.Фигуровскийдин эмгектеринен башталган. Орус филологиясында Н.С.Поспелов акын А.С.Пушкиндин «Евгений Онегин» романынын синтаксистик түзүлүшү боюнча анализдеп, текстти поэтикалык талдоонун методологиялык негизин көрсөтүп берген. Текстти изилдөөдөгү К.Тыныстанов, С.Нааматов, Ж.Мукамбаев, Б.Рысбекова, К.Сартбаев, С.К.Рысбаев, С.С.Сакиева, А.Т.Саттарова, А.Токтомаметов, Б.А.Абдухамидова, Ч.А.Акматова, Ж.Р.Шербаева ж.б. кыргыз тилчилеринин жана педагогдорунун эмгектерине ушул бөлүмдө кыскача обзор берилди. Өткөн кылымдан аягында жана жаңы кылымдан башында башталгыч класстарда адабий билим берүүнүн методикасы тармагына окумуштуулардын жаңы мууну келди. Алардын бири – көптөгөн окуу китептери менен бирге алардагы адабий чыгармаларды окутуунун методикасын иштеп чыккан С.К.Рысбаев. Ал «Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо», «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер», «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери» деген китептеринде балдар үчүн жазылган адабий тексттердин табиятын, өзгөчөлүктөрүн жана окуп-үйрөнүү маселелерин илимий жактан анализдеп, синтездеп чыгат. Ал улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен башталгыч мектептерде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү боюнча докторлук диссертациясын коргогон жана ушул эмгектин негизинде «Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы» деген аталышта монографиясын чыгарган. С.К.Рысбаевдин «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» деген китеби тексти чыгармачылык менен өздөштүрүү боюнча адабий окуунун тарыхындагы урунтуу эмгектердин бири болуп эсептелет. «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» деген китеп «Сөз жана сүйлөө ишмердиги» деген бөлүм менен башталып, анда адамзаттын тарыхындагы сөздүн мааниси, сөздүн кудурет-күчү, сөз жана эл, сөздүн элдик педагогикалык феномен экендиги, сүйлөшүү маданияты философиялык-эстетикалык, лингвистикалык-практикалык маселелери айтылса, «Сүйлөө жана кеп ишмердиги» жана «Жазуу жана кеп ишмердиги» аттуу 2,3-бөлүмдөр кеп куруу (оозеки жана жазуу) маданияты, жазуу кебинин түрлөрү жана типтери, аларды өркүндөтүүнүн технологиялары ж.б.у.с. проблемаларын көтөрүп чыгат. «Баяндама жазуу – текстти өркүндөтүүдөгү ишмердик», «Дил баян жана окуучунун акыл чабыттары» деген бөлүмдөр окуучулардын жазма текст түзүү жана андагы ой берүү, бул ишмердүүлүк аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу ыкмаларын жана жолдорун көрсөтүүгө арналат.

С.С.Сакиева «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темада монографиясын жазган жана ушундай эле темада доктордук диссертациясын коргогон. Ал бул эмгектеринде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн критерийлерин көрсөткүчтөрүн жана өлчөөнүн каражаттарын таблица түрүндө көрсөтөт.

Диссертациянын бул параграфында таанып-билүүнүн диалектикасын көрсөткөн философиянын, балдардын курагына жана жеке өзгөчөлүгүнө карата окутуу боюнча психологиянын, окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогиканын, адабият теориясы жана тарыхы, балдар адабияты багытындагы адабият таануу эмгектеринин методологиялык негиздери боюнча теориялык ойлор жалпылаштырылды. Адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасы боюнча бул методологиялык эмгектер биздин изилдөөбүздүн бүгүнкү күндөгү зарылдыгын, андай изилдөөлөр текстти үйрөнүүнүн жолдорун жана ыкмаларын чыгармачылыкка багыттоонун заманбап технологияларын колдонуунун эффективдүүлүгүн тастыктады.

**«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган экинчи бапта изилдөөнүн объекти жана предмети көрсөтүлөт.

**Изилдөөнүн объекти** – жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы адабий көркөм тексттерди окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү иш-аракеттери.

*«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деп аталган биринчи параграфында изилдөөнүн материалы катары КР Билим берүү мыйзамы, Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана ага ылайык түзүлгөн окуу программалары менен II-IV класстардын «Адабий окуу» китептеринде сунушталган адабий көркөм тексттер болду. II-IV класстарда окуу планында ар бир класста жумасына төрт саат, бир жылда 136 саат, мектепте бул предметке жалпы 408 саат бөлүнгөн. Класстарга альтернативалуу экиден окуу китеби колдонууга сунушталат, бул болсо мугалимге бирин тандоо укугун берип, же болбосо эки окуулукту тең чыгармачылык менен пайдаланууга шарт түзөт. Ал окуу китептери: А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу» жана Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» (II класстар). А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу», С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» (III класстар). А.Токтомаметов «Адабий окуу» жана С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова «Адабий окуу» (IV класстар).

Биздин диссертациялык эмгегибиз ушул окуу китептеринде берилген адабий тексттерди окутуу процессине жана ошол процесс аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өстүрүү методикасын өркүндөтүүгө арналды.

Көркөм тексттер окуучулардын чыгармачылыгын жогорулатууга шарт түзүп, балдардын акыл-сезимин, эмоциясын, эстетикалык табитин өстүрүп, аларды оң адептик-руханий сапаттарга тарбиялоого ылайыкташкан. Башталгыч класстарда адабий окуу үчүн берилген көркөм тексттердин 90 пайызы адабий көркөм тексттер (негизинен проза жана поэзия тегинде), ал тексттер балдардын курактык психологиясына, кызыгууларына дал келет жана мугалимдин окуучулар менен чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытында иштөөгө жардам берет, ал тууралуу ушул параграфта материалдарды изилдеп, жыйынтык чыгардык.

2-параграф *«Изилдөөнүн методдору»* деп аталып, анда изилдөө методдорубузду социологиялык жөнөкөй методдор: аңгемелешүү; анкета жүргүзүү; интервью алуу; тест; окуу-нормативдик материалдарга талдоо берүү ж.б., жалпы логикалык методдор: анализ жана синтез, предметти жекелештирүү жана жалпылоо, предметти салыштыруу, предметти моделдөө, теманы долборлоо ж.б.; темага тиешелүү методологиялык багыт берүүчү илимий адабияттарды анализдөө жана аларга обзор берүү; педагогикалык процессти байкоо; сабактарга катышуу жана аларды жыйынтыктоо; алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана аларды иште чагылдыруу ж.б.; педагогикалык тажрыйба деген методдорду колдонгондугубузду көрсөттүк. Бул методдор ишибиздин максатын, милдеттерин аныктап, гипотезабызды далилдөөгө толук жардам берди. Ар бир методду кайсыл учурда, кандайча колдонгондугубуз тууралуу ушул бөлүмдө сөз кылдык. Илимий булактарды изилдөө методу, аңгемелешүү, окуучулардын жазуу жумуштарын жүргүзүү жана анализдөө методу (аңгеме, жомок, эссе жана дил баян жазуу ишмердүүлүгү), байкоо, анкета алуу тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу тууралуу конкреттүү жүргүзүлгөн иштерге баяндама берилип, теманын модели жана компоненттери түзүлдү.

Окуучулардын жазуу жумуштарын жүргүзүү жана анализдөө методунда 3-класста «Туулган жер» (Т.Касымбеков), 4-класста «Кыргыздын Ала-Тоосу» (Ж.Бөкөнбаев) деген чыгармалар өтүлгөндөн кийин ушул чыгармаларды негиз кылып Ата журт тууралуу, өздөрүнүн кичи мекени тууралуу чакан баян жазууга тапшырма берилгени, анын аткарылышы чагылдырылат. Азыркы мектептин чоң проблемасы, ал гана эмес коомдун көйгөйү – жарандарыбыздын жазуу маданиятынын төмөндүгү. Бул алардын каталарды көп кетиргендиги менен гана эмес, жазууда оюн логикалык жактан чаржайыт (баш-аягы толук көрүнбөгөн), келегей стилде жазып жаткандыгы менен да түшүндүрүлөт. Мына ушул өксүк менен күрөшүү эң биринчи кезекте башталгыч класстардагы көркөм текст менен иштөө процессинде калыптанууга тийиш. Чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү менен жазылган окуучулардын иштери алардын ой жүгүртүү жана жазуу, туура (катасыз) жазуу (орфографиялык, стилдик, пунктуациялык) компетенттүүлүктөрүн калыптоого жардам берет.

Башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн биз бир топ жазуу жумуштарынын комплексин жүргүздүк. Эмгекте 4-класстарда

Б.Сарногоевдин «Эне жүрөгү» деген чакан ырынан кийин «Менин энем» деген аңгеме жазуу тапшырмасын аткаруу технологиялары, 2-класста «Баарынан эмне күлүк?», «Кырк амалдын бири», «Чиркей, чабалекей жана жылан», 4-класста «Кумурска менен жалкоо» деген кыргыз эл жомокторун окуп-үйрөнүүдөн кийин жомок жазуу, аларды мектептин интернет сайтына жайгаштыруу, 4-класста «Дүйнөнүн кооз жеринин бири» деген көркөм тексттен соң «Сары-Челек тууралуу мурда эмнелерди билет элең?» «Сары-Челектин кооздугун сүрөттөп жазуу», «Корук деген эмне? Эмне максатта коруктар уюштурулат?», «Сары-Челектин жаныбарлар дүйнөсү», «Сары-Челекте өскөн өсүмдүктөр» ж.б. темаларда эссе, дил баян жазуу тапшырмаларын жаздыруунун методикасы ишибизде чагылдыралат.

*«Эксперимент методу», «Эксперименттердин жүрүшү жана жыйынтыктары» аттуу параграфтарда* башталгыч класстарда көркөм тексттерди окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө багыттап окутуунун методикасы боюнча изилдөөбүздүн максатына жана милдеттерине, эмгектин ырааттуулугуна ылайык аныкталган моделди жана жалпы сунуштарды педагогикалык процессте эксперимент методу аркылуу текшерүүнүн зарылдыгы, анын максаттары, методдору, этаптары көрсөтүлдү. Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош шаарындагы №42 «Керме-Тоо» орто мектеби, №18 А.Навои атындагы мектеп-гимназиясы; «Жетиген» мектеп-лицейи, Ош областынын Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясы алынды. Бул мектептерди тажрыйба жүргүзүү үчүн тандап алуунун критерийлери (ченөлчөмдөрү): биринчиден, бир нече параллелдүү класстарынан болушу; мугалимдердин адабий окуу боюнча тажрыйбаларынын жана компетенттүүлүктөрүнүн болушу; мектептердин компьютер, ксерокопия ж.б. көбөйтүүчү аппараттар жана интернет менен камсыздалышы.

Эксперименттерге жалпысы 624 окуучу катышты, алардын ичинен 312 окуучу контролдук (байкоо) жана 312 окуучу эксперименталдык (тажрыйба) топторун түздү.

Эксперимент Ош шаарынын жана Ош областынын мектептеринде 2018-2022-жылдарда үч этапта өткөрүлдү. Биринчи аныктоочу этап 2018-2019-жылдар.

**Таблица 2.2.2.1 – Эксперименттин аныктоочу (даярдоочу, байкоочу) 1-этабы (2018-2019-жж.)**

| | |
|---|---|
| **максаты** | изилдөөнүн теориялык-методикалык базасын табуу; илимий иштин гипетозасын (божомолун) белгилөө; тема боюнча жалпы практикалык абалды тактоо; диссертациянын багыттарын диагностикалоо ж.б. |
| **милдети** | эксперимент боло турган мектептерди табуу; экспериментке катыша ала турган мугалимдерди аныктоо; эксперимент жүргүзүүнүн методдорун, формаларын, каражаттарын изилдөө ж.б. |

| | |
|---|---|
| **методдору** | анализ; аңгемелешүү; текст; салыштыруу; анкеттөө; сурамжылоо; сабактарга катышуу; чыгарма окутуу; чыгарма жаздыруу; дил баян жана эссе жаздыруу; окуучулардын китепке кызыгуусун жана окуу, түшүнүү, талдоо маданиятын анализдөө ж.б. |
| **натыйжалары** | башталгыч класстарда окуучулардын адабий көркөм тексттерди окуу аркылуу чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү ишмердүүлүгү мектеп практикасында көбүнчө ыраатсыз жана максатсыз өткөрүлөрү белгилүү болду;<br>мугалимдердин адабий чыгармаларды окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасын изилдеген методикалык адабияттарга муктаждыгы көп экендиги аныкталды;<br>башталгыч класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптоо алардын кийинки ишмердүүлүктөрүндө, турмушунда чоң мааниге ээ экендиги белгиленди ж.б. |

Биринчи этапта негизги көңүл жалпы абал, зарыл методологиялык адабияттар менен таанышуу болгондуктан, «көркөм текст», «адабий текст», «чыгармачылык ишмердүүлүк» жөнүндө жазылган философиялык, психологиялык, педагогикалык эмгектер менен, нормативдик документтер менен ар тараптуу таанышып чыгып, өзүбүзгө керектүүлөрүн өздөштүрүп алдык.

Башталгыч класстардын мугалимдеринин «Адабий окуу» боюнча сабактарына катышып, ал сабактарда көркөм чыгармалар кантип, кандайча талданып жатканы менен тааныштык жана окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн кандайча жолдор менен жогорулатуунун мүмкүнчүлүктөрүн издедик: мугалимдердин сурадык; өзүбүз байкоо салдык; илимий-методикалык адабияттардан издедик; мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөндүк ж.б. Бул кездеги негизги методдор сабактарга кирүү, сабактарды талдоо; байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, анкеттөө, илимий булактарды үйрөнүү болду.

Көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн жогору болбой жатышын билүү үчүн 116 мугалимге анкета таратып, аларды жыйынтыктап, проблеманынын себептерин тактадык. Анын жыйынтыгы төмөндө берилди.

**Таблица 2.2.2.2 – Мугалимдеринин пикири боюнча окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн жогору болбой жатышынын негизги себептери**

| № | себептери | пайызы |
|---|---|---|
| 1 | Окуу китептеринде балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн адабий тексттердин жетишсиздиги | 21 % |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасын түшүндүргөн методикалык адабияттардын жетишсиздиги | 20 % |
| 3 | Бул проблема боюнча университеттерде тиешелүү деңгээлде билим берилбегендиги | 18% |
| 4 | Окуучулардын чыгармачылык менен иштөөгө кызыгууларынан жоктугу | 18 % |
| 5 | Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында окуу китептериндеги методикалык аппаратта ар кандай тапшырмалардын, суроолордун, оюндардын, көнүгүүлөрдүн жетишсиз берилип жаткандыгы | 11% |
| 6 | Мугалимдердин өздөрүнүн чыгармачылык компетенттүүлүк тууралуу түшүнүктөрүнүн анчалык жогору эместиги | 6% |
| 7 | Башка себептер | 6% |

Таблицада көрүнүп тургандай, көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасынын көйгөйлөрү жана анын себептери:

*Биринчиси* – окуу китептеринде балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн адабий тексттердин жетишсиздиги, бул 21% мугалимдер белгилеген себеп. Мындан чыгаруучу натыйжа – башталгыч класстардын «Адабий окуу» китептерине текст тандоодо окуу китептеринин авторлору балдардын чыгармачылыгына дем бере турган, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүн чыгармачылыкты өстүрүүгө багыттай ала турган тексттерди тандай билиши керек.

*Экинчиси* – көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасын түшүндүргөн методикалык адабияттардын жетишсиздиги, муну 20% мугалимдер, б.а., жалпы мугалимдердин бештен бири белгилеген. Чынында эле чыгармачылык компетенттүүлүк деген эмне, аны кандай формада, кандай жолдор, кандай технологиялар менен өнүктүрө алабыз деген проблеманы мугалимдерге түшүндүрүп берүү керек. Аны түшүндүрүүнүн жолдору: чет элдик илимий педагогикалык адабияттарды кыргыз тилине которуу; кыргыз методисттеринин бул багытта колдонмолорун активдүү жазууну колго алышы жана аларды тиешелүү уюмдардын мектептерге жеткириши ж.б.

*Үчүнчүсү* – көркөм текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн өнүктүрүү проблемасы боюнча университеттерде жеткиликтүү деңгээлде билим берилбегендиги. Сурамжылоого тартылган мугалимдердин 18%ы өздөрү билим алган окуу жайларында бул проблема боюнча терең билим албагандыгын, өздөрү бул чыгармачылык ишке компетенттүү эместигин айтышат, демек, окуу

жайларынын окуу пландарын, окуу китептерин, окутуучулардын лекцияларынын, семинарларынын, практикалык сабактарынын мазмунун ушул багытта байытуу керек. Студенттер мектептерге практикага чыккан учурда бул педагогикалык ишмердүүлүк менен кеңири таанышышы зарыл.

*Төртүнчүсү* – окуучулардын чыгармачылык менен иштөөгө кызыгууларынан жоктугу катары муну да 18% мугалимдер белгилешет. Көпчүлүк мектептердин көпчүлүк класстарында чынында сабактарда 5-6% окуучу «жөн эле» отуруп берет, алар сабакты түшүнбөйт жана түшүндүрбөйт, ал эми 18% мугалимдер белгилеген окуучулар жөнүндө ойлору өтө көп окуучу, бул деген окуучулардын бештен бирини жакыны чыгармачылык менен текстти түшүнүүнү, чыгармачылык менен мугалимге жооп берүүнү билбейт дегендик. Мындай окуучулардын санын азайтуу өтө көп ишмердүүлүктү талап кылат, алар окуучуну текстин мазмунун толук өздөштүрүүгө үйрөтүү; окуучунун адабий-теориялык билимин жогорулатуу; окуучунун эстетикалык табитин көтөрүү. Мындай иштерди жүргүзүү ар бир сабактын ар бир учурунда ишке ашырылууга тийиш.

*Бешинчиси* – окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытында окуу китептериндеги методикалык аппаратта ар кандай тапшырмалардын, суроолордун, оюндардын, көнүгүүлөрдүн жетишсиз берилип жаткандыгы (11%). Бул азыркы мектеп окуулуктарынын чоң кемчилдиги. «Адабий окуу» китептеринде текст көп берилет да, ошол текст менен иштөө тапшырмалары, суроолор ж.б. көнүгүүлөр тексттин көлөмүнөн аз болот. Тексттин ичинде (подтексттерде) текстти токтотуп туруп, окуучуга суроо узатуу, же бир маалыматтарды кыстара кетүү, иллюстрациялоо ж.б. чыгармачылык иштер көп практикаланбайт. Окуу китептеринин ушул кемчилдиктерин авторлор түзөтүү менен аны ар бир мугалим сабак процессинде оңдоп кетүүгө тийиш.

*Алтынчысы* – мугалимдердин өздөрүнүн чыгармачылык компетенттүүлүк тууралуу түшүнүктөрүнүн анчалык жогору эместиги 6%. Бул кемчилдик жогорудагы башка кемчилдиктер менен байланышта келип чыгат. Өз чыгармачылык ишмердүүлүгүндө мугалим жогорку окуу жайынан, методикалык адабияттардан алган компетенттүүлүктөрүн гана пайдаланбастан күндөлүк иш-тажрыбасында да аларды улам өнүктүрүп турат, бул жерде ошол ишмердүүлүктүн жетишсиздиги айтылат жатат.

Тажрыйбанын аныктоочу этабында «Адабий окуу» сабагындагы башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн деңгээлдери аныкталды. Бул байкоо жана тажрыйба тобу бөлүнө элек баскычта жогорудагы деңгээлди аныктоо үчүн жалпы 189 окуучуну катыштырып төмөнкүдөй баалоо *чен-өлчөмдөрүн (критерийлерин)* пайдаландык:

- окуучулардын адабий көркөм текстти чыгармачылык менен кабыл алуу деңгээлдери (тексттин жактарын өзгөртүү; тексттин түрлөрүн, мисалы, ырды карасөзгө айлантып жазуу; тексттин жанрларын өзгөртүп айтып же жазып берүү, мисалы, аңгемени жомокко, жомокту аңгемеге айлантуу ж.б.;

- окуучулардын көркөм текстти окуп, түшүнүү боюнча тест тапшырмаларын аткаруусу;
- окуучулардын тексттин негизинде оозеки сүйлөп берүүсүндөгү чыгармачылык жетишкендиги;
- адабий көркөм тексттерди чыгармачылык менен талдоосу;
- окуган чыгарманын негизинде чыгармачылык жазуу ишмердүүлүгү ж.б.

Бул деңгээлди аныктоонун методдору: жөнөкөй тест, байкоо; анкета; сабактарга анализ; анализ жана синтез; дил баян; эссе; сурамжылоо ж.б.

Мына ушундай жөнөкөй сынактарды жүргүзүү процессинде окуучулардын адабий көркөм текстти талдоо процессинде чыгармачылык ишмердүүлүгүн 10 баллдык баалоо системасы менен аныктап, жыйынтыгын үч деңгээлде: жогорку, ортоңку, төмөнкү деңгээлдерде көрсөттүк.

**Таблица 2.2.2.3. – Эксперименттин аныктоочу этабында окуучулардын көркөм текстти талдоо процессиндеги чыгармачылык компетенттүүлүктөрүнүн деңгээли (пайыз менен)**

| деңгээлдер | критерийлер | пайыз |
|---|---|---|
| **жогору (8-10 балл)** | окуучу көркөм адабий тексттен окуганын түшүнөт жана башкаларга түшүндүрө алат;<br>окуучу текстке чыгармачылык менен мамиле кылат, б.а., тексттин идеясын, темасын, каармандарын жакшы билет;<br>окулган текстти өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштыра алат;<br>текстти өзгөртүп (жактарын, жанрларын, тектерин) айтып жана жазып бере билет;<br>чыгарманын негизинде баяндама, дил баян, эссе жаза алат;<br>көркөм тексттин тилин толук түшүнө билет;<br>тексттеги түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин сөздүктөр аркылуу, же бирөөлөрдөн сурап-билүү жолу меенн таба алат;<br>чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган түрдө сүйлөп жана жазып бере алат;<br>тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзө билет ж.б. | 25% |
| **орто (4-7 балл)** | окуучу көркөм адабий тексттен окуганын түшүнүүдө жана башкаларга түшүндүрүүдө айрым бир жетишпестиктерге учурайт;<br>окуучу текстке чыгармачылык менен мамиле кылууда б.а., тексттин идеясын, темасын, каармандарын жакшы билүүдө кээ бир так эместиктерди кетирип коёт; | 46% |

| | | |
|---|---|---|
| | окулган текстти өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштырууда бир аз кыйынчылыкка кабылат;<br>текстти өзгөртүп (жактарын, жанрларын, тектерин) айтып жана жазып берүүдө анча-мынча так эместиктерди кетирет;<br>чыгарманын негизинде баяндама, дил баян, эссе жазууда бир аз жетишпестиктерге учурайт;<br>көркөм тексттин тилин айрым бир учурларда толук түшүнө албай калат;<br>тексттеги түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин сөздүктөр аркылуу, же бирөөлөрдөн сурап-билүү жолу меенн табууда так эместиктер кетирет;<br>чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган түрдө сүйлөп жана жазып берүүдө айрым бир кемчилдиктерди кетирет;<br>тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзүүдө бир аз так эместиктерге учурайт ж.б. | |
| **төмөн (4 баллдан аз)** | окуучу көркөм адабий тексттен окуганын түшүнбөшү;<br>окуучу тексттеги идеяны, теманы, каармандарын толук билбейт;<br>окулган текстти өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштыра албайт;<br>текстти өзгөртүп (жактарын, жанрларын, тектерин) айтып жана жазып бере албайт;<br>чыгарманын негизинде баяндама, дил баян, эссе жаза албайт;<br>көркөм тексттин тилин толук түшүнө билбейт;<br>тексттеги түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин сөздүктөр аркылуу, же бирөөлөрдөн сурап-билүү жолу менен таба албайт;<br>чыгарманын негизинде кеңири жана кыскартылган түрдө сүйлөп жана жазып бере албайт;<br>тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзө билбейт ж.б. | 29 % |

Мына ушул көрсөткүч биздин кандай багытта иштөө керектигибизди аныктады, биздин максат 29% көрсөткүчтү (төмөнкү деңгээл) азайтып, 25%ды (жогорку деңгээл) көбөйтүү болду.

Эксперименталдык иштин үчүнчү – текшерүүчү этабы (2021-2022-жж.)

Эксперименттин жыйынтыгы төмөнкүдөй формаларда текшерилип, бааланды: окуучулардын анкеталарга берген жооптору; мугалимдер жана окуучулар менен баарлашуу, алардын чыгармага берген пикирлерин талдоо;

сабактарга катышуу; окуучулардын жазма иштерин (көнүгүү, аңгеме, макала, эссе, дил баян, баяндама ж.б.) анализдөө ж.б.

Эксперименттин жыйынтыгын так алуу үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөрдү (критерийлерди) колдондук:

- окуучулардын көркөм чыгармалардын мазмунун, темасын, идеясын туура белгилей алышы;
- окуучулардын чыгармадагы каармандарды мүнөздөй алышы;
- окуучулардан класстан тышкаркы окуп жаткан китептеринин сапаты, деңгээли, б.а, алардын окурмандык кызыгууларынын эстетикалык табитке ылайык келиши;
- жазуу жана оозеки кебинин байлыгы;
- чыгарманы талдоо жана баа берүү компетенттүүлүгүндөгү чыгармачылык мамиленин катышы;
- өздөрүнүн чыгарма жаза билиши;
- көркөм текстти өздөштүрүп жаткандыгынын белгиси катары ошол текстиге карата план түзүүсү, текстти кыска жана кеңейтип айтып бере алуусу ж.б.

2018-2019-жылдарда биз болжолдуу түрдө гана класстарды экиге ажыраттык: контролдук (к/т – контролдук топ) жана эксперменталдык (э/т – эксперменталдык топ) деп. Булардын ичинен бул мезгилде эксперименталдык класстарга (топторго) атайын тапшырмалар берилген жок, эки класс тең бирдей эле каралды. Ошол мезгилдеги жыйынтык төмөнкүдөй болду.

**Таблица 2.2.2.2 – Көркөм адабий текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун деңгээли (экспериментке чейинки этап, б.а., 2018-2019-жылдар)**

| **мектеп** | **класс түрү** | **Окуучу саны** | **баалар** | | | | **көрсөткүч** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **билим сапаты (%, сан м-н)** |
| Ош шаарындагы №42 «Керме-Тоо» орто мектеби | э/т. | 78 | 21 | 24 | 24 | 9 | 57,7% (45) |
| | к/т. | 78 | 22 | 23 | 25 | 8 | 57,7% (45) |
| Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп-гимназиясы | э/т. | 56 | 15 | 18 | 14 | 9 | 58,9% (33) |
| | к/т. | 56 | 14 | 21 | 14 | 7 | 62,5% (35) |
| Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи | э/т. | 68 | 13 | 20 | 27 | 8 | 48,5% (33) |
| | к/т. | 68 | 14 | 19 | 26 | 9 | 48,5% (33) |
| Кара-Суу районундагы Сыдык Алайчы атындагы мектеп-гимназиясы | э/т. | 64 | 10 | 21 | 21 | 12 | 48,4% (31) |
| | к/т. | 64 | 11 | 22 | 21 | 10 | 51,6% (33) |
| **Жыйынтыгы:** | э/т. | 266 | 59 | 83 | 86 | 38 | 53,4% (142) |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | к/т | 266 | 61 | 85 | 86 | 34 | 54,9% (146) |

Бул этапта эксперименталдык топко 266 окуучу алынса, контролдук (байкоо) тобуна да ошончо эле 266 окуучу алынды. Биз сапаттык көрсөткүч деп «5» жана «4» деген баа алгандарды эсептедик. Ошондо эксперимент тобунда 142, контролдук топто 146 окуучу сапаттык жогорку деңгээлге жетишти. Мында болгон айырма 4 окуучуну гана түздү.

Өзүбүз иштеп чыккан методикалык ыкмалар биздин эксперименталдык класстарда колдонулду жана анын оптималдуулугу төмөнкү таблицада чагылдырылды.

**Таблица 2.**

**Эксперименттин жыйынтыгында окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн деңгээлдери**

| Контролдук топ (266 окуучу) | | | Эксперименттик топ (266 окуучу) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| төмөнкү | ортоңку | жогорку | төмөнкү | ортоңку | жогорку |
| 21% | 53% | 26% | 13% | 53% | 34% |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, эксперименттин 3-этабынын жыйынтыктары боюнча төмөнкү деңгээл контролдук топто 21% болсо, эксперимент тобунда 13% болуп, айрыма эксперимент тобунда 8%га аз болду, ортоңку деңгээл эки топто тең бирдей (53%дан) болуп, жогорку деңгээл контролдук топто 26% болсо, эксперименттик топто 34% болуп, айырма 8%ды түздү.

Эксперименттин аныктоочу этабы менен жыйынтыктоочу этабы салыштырылып, алар таблица түрүндө берилди. Көркөм чыгармаларды талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн эффективдүү ыкмалары тастыктады. Ал тастыктоо математикалык-статистикалык методдор менен иште чагылдырылды. Бул главанын жыйынтыгы боюнча көркөм адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча биз сунуш кылган технологиялар башталгыч класстарда колдонууга ылайыктуу экендиги далилденди.

Жыйынтыктоочу **3-бап «Башталгыч класстын окуучуларынын адабий көркөм текст менен иштөө процессинде чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы»** деп аталып, анын *«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги жомокторду чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору» аттуу 1-параграфында* 2-класста 20 жомок, 3-класста 12 жомок, 4-класста 4 жомок – баары башталгыч класстарда 36 жомок окутулары, алардын көбү элдик жомоктор жана элдик жомокторду акын-жазуучулар кайра иштеп чыккан адабий жомоктор экендиги

айтылып, жомокторду жанрдык спецификасына ылайык окутуу методикасы каралат. Жомоктор балдардын түшүнүүсүнө жеңил, аны башкаларга чыгармачылык менен көркөмдөп айтып бере алууга кызыгышары, эне тилинин байлыктарын үйрөнүүдө да жомоктор жакшы материал болуп саналары айтылып, анын тарбиялык функциясы тууралуу кеп болот. С.Сакиеванын «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деп аталган докторлук диссертациясында жомокторду үйрөтүү боюнча айткан пикирлери менен жомокторду окутуунун методикалык айырмачылыктары белгиленет. Иште жомок менен таанышуу сабагы, жомокту талдоо сабактары, өз жомогун чыгаруу, аны талдоо-талкуулоо сабактары деген үч этап көрсөтүлөт. 3-класста Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо», М.Абакировдун «Күкүк-Зейнеп» жомогунун тексттин үйрөтүү процессинде пайдаланылган визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу стратегиясы тууралуу, теманы өтүүдө мекен таануу, математика, адеп сабактары менен интеграциялоо технологиялары окуучуларга сабактын эффективдүү болгондугун демонстрациялайт. Чыгармачылык сабак тууралуу орус дидакты А.В.Хуторскийдин пикирлери, Кара-Кулжа районундагы Орозали Сейдилканов атындагы автордук мектептин мугалими О.Сейдилкановдун жеке тажрыйбасы менен ойлорубузду аргументтештирдик. Азыркы окутуу процессин чыгармачылык менен өркүндөтүүнүн натыйжалуу жолу катары эсептелген методдор сунуш кылынат. Мындай ыкмаларда окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү жогорулайт.

*«Ыр түрүндөгү адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу технологиялары» аттуу 2-параграф* башталгыч класстарда ыр түрүндөгү (поэзия формасындагы) чыгармаларды окутууга арналат. Ыр формасындагы чыгармаларды түшүнүүдө жана талдоодо окуучулар бир катар кыйынчылыктарга учурайт, анткени аларда лирикалык каарман, лирикалык образ, сюжетсиздик болуп, буларды өздөштүрүү башталгыч класстын балдарына психологиялык барьерлерди жаратат. Бул теманы ачууда А.Т.Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деген темадагы докторлук диссертациясынын айрым учурларын методологиялык таяныч катары пайдалануу – эмгегебиздин теориялык деңгээлин жогорулатты. Ырларды окутуу процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун оптималдуу методдору катары төмөнкү методдор ылайыктуу экендиги аныкталды: текстти көркөм окуу, тексти комментарийлөө, анын негизинде сүрөт тартуу, план түзүү, инновациялык технологиялар (дебат; «акыл чабуулу»; оюн; викторина; тест; ромашка гүлү; Венндин диаграммасы; класстер түзүү ж.б.). Мындай ыкмалар, жолдор, каражаттар менен көркөм текстти өздөштүрүүнүн натыйжасында окуучулардын окурмандык маданияты калыптанат, алар адабий-теориялык компетенттүүлүккө ээ болот, балдардын сөз байлыктары өсөт. Бул параграфта мына ошол жыйынтыктарга жетишүүнүн технологиялары чагылдырылат. Ушундай

технологияларды өз тажрыйбабызда Ж.Бөкөнбаевдин «Кыргыздын Ала-Тоосу» аттуу ырын 4-класста окутуу процессинин мисалы аркылуу көрсөтүп бердик. Сабакта визуалдык контент, божомолдоо, үн чыгарып окуу, окуган чыгармага пикир жазуу жана RACE стратегиясы колдонулду жана теманын мазмунун ачууда мекен таануу, математика, адеп, эне тили сабактары менен интеграцияланды.

*3-параграф «Көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн жазуу иштерин жана оозеки баарлашуу жүргүзүү аркылуу өркүндөтүү»* деп аталат. Жазуу ишмердүүлүгү – адабий текстти кабылдоонун, түшүнүү деңгээлин рефлекциялоонун эффективдүү мүмкүнчүлүгү экендиги орус жана кыргыз методист окумуштууларынын ойлору аркылуу бекемделет. Башталгыч класстарда тексттин негизинде жүргүзүлгөн жазуу жумуштары окуучулардын ошол өтүлгөн текстти түшүнүү компетенттүүлүгүн жана жазуу маданиятын өстүрүүгө багытталат, балдарды орфографиялык жана пунктуациялык жактан сабаттуу жазууга, адабий тилдин нормаларын сактоого үйрөтөт, окулган текст менен окуучунун жазуу иши байланыштуу жүргүзүлөт. Бул ишмердүүлүктүн практикалык жагдайлары 2-класстын «Адабий окуу» сабагынан А.Мисировдун «Коркконго кош көрүнөт» деген жомогунун негизинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багытындагы дил баян жазууга даярдык боюнча интерактивдүү сабактын мисалында тастыкталган.

Ошентип, башталгыч класстардагы адабий көркөм тексттерди үйрөнүү процессинде жазуу жумуштарын чыгармачылык менен өздөштүрүү ишмердүүлүгү атайын программанын алкагында, ырааттуу түрдө жүргүзүлүшү керектиги, бул ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн технологиялары ушул параграфта көрсөтүлөт.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

Башталгыч класстарда адабий текстти талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн методикасын илимий-теориялык негизде иштеп чыгууга жана аларды практикада эксперименттен өткөрүүгө арналган диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

**Биринчи милдет** адабий тексттерди талдоо процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максатын, милдеттерин, негизги багыттарын аныктоого арналган. Азыркы учурдагы башталгыч билим берүүнүн негизги прадигмасы системалык-ишмердүүлүк мамилесине негизделип, анын башкы өзөгүн окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү проблемасы түзөт. Адабий-чыгармачылык ишмердүүлүк инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн эң актуалдуу педагогикалык шарттарынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан чыгармачылык багытта окутуу балдардын калыптануусунун көп функционалдык дидактикалык каражаты болуп, ал каражаттар аркылуу

эстетикалык-адабий түшүнүгү кенен, окурмандык маданияты жогору, көркөм сөздүн күчү менен адептик-руханий тарбия алган компетенттүү окуучу жогорку класстарга өткөрүлүп берилет. Биздин эмгектин негизги максаты да балдардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган дидактикалык ишмердүүлүктөрдүн жардамы менен көркөм текстти талдоонун оптималдуу методикасын иштеп чыгуу менен байланышат. Башталгыч класстын мугалимдеринин практикалык тажрыйбасын изилдөөнүн, талдоонун, жалпылоонун жана системалаштыруунун натыйжасында көркөм текстти окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багыттап окутуунун азыркы учурдагы проблемаларын чечүү «Адабий окуу» предметинде учурдагы психологиялык-педагогикалык жетишкендиктерди жана адабиятты окутуунун заманбап методикасын эске алуу менен компетенттүүлүктүн негизинде ишке ашырылышы мүмкүн экендиги аныкталды.

**Экинчи милдет** «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүү, башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы проблемасын изилдөөнүн тарыхына обзор берүү жана иштин методологиялык негиздерин, методдорун ачып көрсөтүү болгон. Бул багытта педагогикалык адабияттарды анализдөө төмөнкүдөй жыйынтыктарды берди: мугалимдердин «чыгармачылык компетенттүүлүк» жөнүндө түшүнүктөрү өз деңгээлинде эмес; сабакты чыгармачылыкка негиздеп окутуунун теориялык аспектиси илимий-практикалык жактан мугалимдерге жеткиликтүү иштелип чыкпаган; чыгармачылык компетенттүүлүктү өнүктүрүү үчүн башталгыч мектепте атайын педагогикалык шарттарды түзүү зарыл. «Адабий окуу» предмети боюнча мамлекеттик стандартты, программаларды, окуу китептерин, методикалык колдономолорду жазууда текстти талдоо процессин окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн окутуунун салттуу жана инновациялык технологияларын кеңири практикалоо талабы коюлат. Жалпы жыйынтыктар философиялык, педагогикалык, психологиялык жана методикалык эмгектерди талдоо жана башталгыч мектепте адабий чыгармаларды окутуунун практикалык тажрыйбасын жалпылоо диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин иштеп чыгууга мүмкүндүк түздү. Башталгыч мектепте адабий көркөм текстти балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багыттап окутуунун тарыхын, окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун, «Адабий окуу» предмети боюнча 2-4-класстар үчүн окуу куралдарын, колдонулган усулдарды изилдөө чыгармачылык ой жүгүртүүсү жогору окуучуларды даярдоого анчалык көңүл бурулбай келгендигин тастыктады.

**Үчүнчү милдет** башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги адабий тексттерди чыгармачылык компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмаларын жана жолдорун сунуш кылуу, бул багытта мугалимдердин, методисттердин педагогикалык

иш-тажрыйбаларын жыйынтыктоо болгондуктан иштин практикалык жагына өзгөчө басым жасалды. Окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү – татаал жана ырааттуу жүргүзүлүүчү, мугалимден көптөгөн изденүүлөрдү талап кылуучу процесс. «Адабий окуу» предметинде көркөм адабий тексттерди окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багыттап окутуу үчүн текстти чыгармачылык менен көркөм окуу жана комментерийлөө, ар кандай максатта тексттин планын түзүү, тексттеги жана подтексттеги катылган идеяларды «сууруп чыгуу», ошол чыгарманынын негизинде жазуу иштерин жүргүзүү, текстти баланын жеке тагдыры жана жалпы турмуш менен байланыштыруу, окуучуларды көркөм чыгарма жазууга шыктандыруу ж.б. технологиялар сунушталып, алар конкреттүү чыгармаларды окутуунун негизинде көрсөтүлдү. Муну үчүн окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн жогорулатууда оптималдуу деп экспериментте таанылган окутуунун модели, айрым темалар боюнча сабактардын иштелмелеринин циклдары – изилдөөнүн түйүндүү проблемасы болду.

**Төртүнчү милдет** сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү жана анын жыйынтыгын чагылдыруу болгондуктан башталгыч класстарда көркөм чыгармаларды окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүнө негиздеп окутуу боюнча иштелип чыккан жана апробацияланган методиканын натыйжалуулугу эксперименталдык мектептерде сынактан өткөрүлдү. Балдардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптоо жана жогорулатуу мугалимдин колдонгон окутуу ыкмаларынын эффективдүүлүгү менен байланышат. Калыптандыруучу экспериментке караганда тажрыйба тобундагы окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү бир кыйла жогорулаган. Бул болсо биздин методикабызда окуучуну чыгармачылыкка үйрөткөн суроо-тапшырмаларды иштеп чыгып, кеңири колдонгондугубуз менен түшүндүрүлөт. Сынактын жыйынтыгы биз сунуш кылган методикалык ыкмалар, жолдор жана каражаттар мектептерде колдонууда майнаптуу натыйжа берерин тастыктады.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

Диссертациялык изилдөөнүн сунуштары жана анын натыйжалары болочокто төмөнкү максаттарды ишке ашыруунун зарылдыгын көрсөттү:

1. Башталгыч класстар үчүн «Адабий окуу» предмети боюнча колдонуудагы мамлекеттик стандартка, окуу программасына, окуу китептерине жана окуу-методикалык куралдарга көркөм адабий текстти талдоо процессин окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү багытына өзгөчө маани берүүчү материалдарды көбүрөөк киргизүү.

2. Илимий изилдөө ишибиздин материалдарын жогорку окуу жайларынын гуманитардык жана филологиялык адистиктеринин студенттери үчүн, ошондой эле башталгыч класстардын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо факультеттери үчүн кеңири пайдалануу.

3. «Адабий окуу» предмети боюнча класстан тышкаркы окуу боюнча хрестоматияларга, окутуунун кошумча материалдарына окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү боюнча көркөм тексттерди, мультфильмдерди, иллюстрацияларды, сүрөттөрдү ж.б. кошуу.

4. 2-4-класстар үчүн «Адабий окуу» предметинде чыгармачылык компетенттүүлүктүн негизинде көркөм текстти талдоо боюнча сабактардын иштелмелерин, практик-мугалимдердин иш-тажрыйбаларын чыгаруу жана аларды мугалимдерге сунуштоо ж.б.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. **Мамырова, А.Ю.** Башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максаты, милдеттери жана негизги багыттары [Текст] / А.Ю. Мамырова // Наука, новые технологии и иновации Кыргызстана – 2022. – № 10. – 257-261-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=52691451

2. **Мамырова, А.Ю.** Адабий текстти талдоого байланышкан «Чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүгү [Текст] / Мамырова, А.Ю. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – 2022. – № 10. – 253-256-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=52691450

3. **Мамырова, А.Ю.** «Адабий көркөм текст» түшүнүгүнүн теориялык негиздери [Текст] / К.К.Акматов, А.Ю. Мамырова // Известия ВУЗов Кыргызстана – 2023. – №1. – 238-241-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=53852500

4. **Мамырова, А.Ю.** Окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн адабий көркөм тексттер материал катары [Текст] / Мамырова А.Ю., Нишанбаева Ж.М., Абдыкадырова С. // Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2023. № 1 (63). – 304-308-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54407475

5. **Мамырова, А.Ю.** Методы исследования обучения учащихся на основе творческой компетентности [Текст] / А.Ю. Мамырова // Вестник филиала федерального государственного бюджетного образовательного учреждения высшего образования «Российский государственный социальный университет» в г.Ош. – 2023. – №1 (26) – 115-121-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597511

6. **Мамырова, А.Ю.** Вопросы развития творческой деятельности учащихся младших классов на уроках литературного чтения [Текст] / А.Ю. Мамырова, Г.Курбаналиева // Международный журнал гуманитарных и естественных наук – 2023 – №2-1 (77). – С. 129-133. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50761712

7. **Мамырова, А.Ю.** Цели, задачи и основные направления развития творческих компетенций у учащихся начальных классов [Текст] / А.Ю. Мамырова // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2023. –№ 3-1 (78). – 115-121-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50379442

8. **Мамырова, А.Ю.** Окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү изилдөөнүн негизги теориялык методдору [Текст] / А.Ю. Мамырова // Бюллетень науки и практики - Т. 9. – №4. – 2023 – 477-481– бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50757863

9. **Мамырова, А.Ю.** «Адабий көркөм текст» түшүнүгүнүн теориялык негиздери [Текст] / К.К. Акматов, А.Ю. Мамырова // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – № 1. – 60-67-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50462853

Мамырова Айнура Юсуповнанын **«Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

# РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:** башталгыч класс, адабий окуу, көркөм текст, текстти талдоо, компетенттүүлүк, окутуунун методдору, чыгармачылык компетенттүүлүк, адабий-теориялык билим.

**Изилдөөнүн максаты:** башталгыч класстарда адабий көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасын илимий-теориялык негизде иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү.

**Изилдөөнүн объекти:** жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы адабий көркөм тексттерди окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** башталгыч класстарда адабий көркөм тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү иш-аракеттери.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык-методологиялык талдоо; байкоо, анкеттөө, тест, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ жана синтез, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** «Адабий көркөм текст», «чыгармачылык компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык анализ берилди; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн заманбап ыкмалары, жолдору, каражаттары адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине таянылып кыргыз педагогикасында алгачкы жолу иштелип чыкты; башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн проблемасынын тарыхына обзор берилип, анын изилдениш тарыхы, азыркы доордогу максат-милдеттери атайын илимий негизде алынды; тема боюнча методисттердин, мугалимдердин тажрыйбалары жалпыланды; адабий тексттерди үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасы педагогикалык тажрыйбадан өткөрүлүп, эффективдүү деп эсептелген жолдор жана ыкмалар мугалимдерге сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** башталгыч класста адабий тексттерди талдоо процессинде окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча биздин сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

# РЕЗЮМЕ

диссертации Мамыровой Айнуры Юсуповны на тему «Методика развития творческой компетентности учащихся начальных классов в процессе работы с художественным текстом» 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература) на соискание степени кандидата педагогических наук.

**Ключевые слова:** начальный класс, литературное чтение, художественный текст, анализ текста, компетентность, методы обучения, творческая компетентность, литературно-теоретические знания.

**Цель исследования:** разработать на научно-теоретической основе метод развития творческих компетенций учащихся в процессе работы с литературно-художественным текстом в начальных классах и проверить его экспериментальным путем.

**Объект исследования:** процесс обучения литературно-художественным текстам в начальных классах общеобразовательной средней школы.

**Предмет исследования:** деятельность по совершенствованию творческой компетентности учащихся в процессе анализа литературно-художественных текстов в начальных классах.

**Методы исследования:** теоретико-методологический анализ; наблюдение, анкетирование, тест, беседа, учебный опыт, анализ и синтез, педагогический эксперимент.

**Научная новизна исследования:** дан теоретический анализ понятий «литературно-художественный текст», «творческая компетентность»; в процессе анализа художественных текстов в начальной классах впервые в кыргызской педагогике разработаны современные методы, способы, средства совершенствования творческой компетентности учащихся на основе новейших достижений литературоведения, педагогики и психологии; в процессе анализа художественных текстов в начальной школе был дан обзор истории проблемы совершенствования творческой компетентности учащихся, история ее исследования, цели и задачи современной эпохи были вынесены на специальную научную основу; обобщен опыт методистов и учителей по данной теме; из педагогического опыта перенесена методика развития творческих способностей учащихся при изучении художественных текстов, учителям предложены способы и методы, считающие эффективными.

**Практическая значимость исследования:** наши рекомендации по повышению творческой компетентности учащихся в процессе анализа художественных текстов в начальной школе помогут актуализировать занятия учителей и указывать направление методистам в совершенствовании учебных программ, учебников, методических пособий и преподавателям в высших и средних школах в написании курсовых, дипломных и магистерских работ.

# SUMMARY

of dissertation research by Mamyrova Aynura Yusupovna on the topic **«Methodology for developing creative competencies of primary school students in the process of working with literary and artistic texts»** for the degree of candidate of pedagogical sciences in the specialty 13.00.02 - theory and methodology of training and education (кyrgyz literature).

**Keywords:** Primary class, literary reading, literary text, text analysis, competence, teaching methods, creative competence, literary and theoretical knowledge.

**The purpose of the study**: Development of a method for developing students' creative competencies in the process of working with literary and artistic texts in elementary grades on a scientific and theoretical basis and testing it experimentally.

**Object of research**: The process of teaching literary and artistic texts in the primary grades of secondary schools.

**Subject of research**: Activities to improve the creative competencies of students in the process of analyzing literary and artistic texts in primary school.

**Methods**: Theoretical and methodological analysis; observation, questioning, test, conversation, learning experience, analysis and synthesis, pedagogical experiment.

**Scientific novelty**: A theoretical analysis of the concepts of "literary and artistic text" and "creative competence" is given; in the process of analyzing literary texts in primary grades, for the first time in Kyrgyz pedagogy, modern methods, methods, and means of improving the creative competence of students were developed based on the latest achievements of literary criticism, pedagogy and psychology; in the process of analyzing literary texts in primary grades, an overview of the history of the problem of improving the creative competence of students was given, the history of its research, the goals and objectives of the modern era were obtained on the basis of special scientific works; the experience of methodologists and teachers on this topic is summarized; The methodology for developing students' creative abilities when studying literary texts was transferred from pedagogical experience; methods and methods considered effective were proposed to teachers.

**Practical significance of the research results**: Our recommendations for increasing the creative competence of students in the process of analyzing literary texts in the elementary grades will help teachers update classes, provide direction to methodologists in improving curricula, textbooks, teaching aids and teachers in guidance on writing coursework, diploma, master's theses in higher and secondary educational institutions.